# Положение

**Конкурс мини-грантов на создание медиаматериалов по экологическим и климатическим темам**

ОО **“MoveGreen”** объявляет конкурс мини-грантов на создание журналистских / медиа материалов, посвященных вопросам изменения климата, охраны окружающей среды и устойчивого развития.

В рамках информационной кампании **2026-2027 годов** мы поддержим **100 медиаматериалов**, которые помогут сделать климатическую повестку более понятной, доступной и актуальной для жителей Кыргызстана.

Сегодня изменение климата - это не только вопрос экологии. Оно влияет на здоровье населения, качество жизни, доступ к воде и другим природным ресурсам, продовольственную и энергетическую безопасность, развитие регионов и соблюдение экологических прав человека. Именно поэтому мы заинтересованы в материалах, которые помогут аудитории увидеть климатические изменения через реальные истории людей и их влияние на повседневную жизнь.

Мы приглашаем к участию **журналистов редакций СМИ, независимых медиапроектов, авторов цифрового контента и социальных медиа со всего Кыргызстана**. Также мы будем рады совместным трансграничным материалам, подготовленным в сотрудничестве с журналистами и редакциями из стран Центральной Азии, если они посвящены общим экологическим и климатическим вызовам региона.

**Мы поддерживаем материалы, посвященные:**
• изменению климата;
• климатической справедливости;
• охране окружающей среды;
• устойчивому развитию и зеленой экономике;
• биоразнообразию и сохранению экосистем;
• качеству атмосферного воздуха;
• экологической безопасности и устойчивому управлению природными ресурсами;
• возобновляемой энергетике и энергоэффективности;
• природоориентированным решениям (Nature-based Solutions);
• другим экологическим темам, способствующим повышению экологической грамотности общества.

Особое внимание будет уделяться публикациям, которые рассматривают изменение климата **через призму климатической справедливости** и показывают, что климатические риски затрагивают разные группы населения по-разному. Мы приветствуем материалы, раскрывающие влияние климатических изменений на **женщин, молодежь, сельские сообщества, людей с инвалидностью и другие уязвимые группы населения**, чьи истории часто остаются вне общественного внимания.

**Поддерживаются различные форматы медиапродуктов:** видеоролики, статьи, карточки для социальных сетей, подкасты, аналитические публикации, дата-материалы с использованием инфографики и другие современные форматы подачи информации.

Мы приветствуем проведение интервью с экспертами, представителями государственных органов, научного сообщества, экологических организаций и гражданских инициатив, использование открытых данных, проведение собственных исследований, анализ актуальных климатических проблем Кыргызстана, изучение лучших международных практик, а также применение инструментов **климатического фактчекинга**.

**Размер финансовой поддержки составляет от 100 до 200 евро за один материал.** Размер гранта определяется конкурсной комиссией с учетом сложности темы, формата, объема работы и ожидаемого общественного эффекта.

Для оценки эффективности информационной кампании каждый опубликованный материал должен набрать **не менее 12 000 просмотров**. При подсчете учитывается суммарный охват на всех площадках публикации, включая Instagram, Facebook, YouTube, TikTok, сайты СМИ и другие цифровые платформы.

**Как проходит конкурс?**
• На каждую тему подается отдельная заявка.
• Заявки рассматриваются **1 и 15 числа каждого месяца**.
• Срок рассмотрения составляет **от 3 до 7 рабочих дней**.

При подготовке материалов участники могут использовать открытые **исследования, аналитические материалы и policy briefs** ОО **“MoveGreen”**, а также другие достоверные научные источники. Использование доказательной базы позволяет создавать более качественный, объективный и основанный на фактах медиаконтент.

Также участники могут использовать **публикации из рассылки GNS (German News Service).** Материалы, подготовленные с их использованием, **могут быть дополнительно рассмотрены для получения грантовой поддержки в рамках этого конкурса.** Поддержка предоставляется по одному источнику финансирования.

**Приоритет при рассмотрении заявок будет отдаваться:**
• авторам из регионов Кыргызстана;
• материалам на кыргызском языке;
• совместным трансграничным публикациям, подготовленным журналистами Центральной Азии;
• аналитическим материалам;
• публикациям, основанным на научных данных и принципах климатического фактчекинга;
• материалам, отражающим принципы климатической справедливости и усиливающим голоса региональных сообществ.

При этом заявки, не соответствующие одному или нескольким приоритетным критериям, **также принимаются и могут быть поддержаны** по решению конкурсной комиссии.

Ознакомиться с исследованиями, аналитическими материалами и другими публикациями ОО **“MoveGreen”** можно на нашем сайте **https://movegreen.kg** - они могут стать дополнительной доказательной базой при подготовке материалов.

Подробные условия конкурса и форма подачи заявки доступны **по ссылке в шапке профиля**.

**Прием заявок открыт до конца апреля 2027 года.**

*Для получения дополнительной информации обращайтесь к координатору проекта* ***«Расширение возможностей гражданского общества и средств массовой информации для защиты климата»*** *Гулмире Эсенгелди:* ***gulmira.esengeldi@movegreen.kg***

*Конкурс проводится в рамках проекта* ***«Расширение возможностей гражданского общества и средств массовой информации для защиты климата»****, реализуемого ОО* **“MoveGreen”** *при поддержке международного агентства* ***Bread for the World («Хлеб для мира»)****.*

Жобо

# Экологиялык жана климаттык темалар боюнча медиаматериалдарды даярдоого арналган мини-гранттар сынагы

**«MoveGreen» коомдук бирикмеси** климаттын өзгөрүшү, айлана-чөйрөнү коргоо жана туруктуу өнүгүү маселелерине арналган журналисттик жана медиаматериалдарды даярдоо үчүн мини-гранттар сынагын жар**ыялайт.**

**2026–2027-жылдардагы маалыматтык кампаниянын алкагында** Кыргызстандагы климаттык күн тартибин калк үчүн түшүнүктүүрөөк, жеткиликтүүрөөк жана актуалдуураак кылууга көмөктөшө турган **100 медиаматериалга** колдоо көрсөтүлөт.

Бүгүнкү күндө климаттын өзгөрүшү экологиялык маселе гана эмес. Ал калктын ден соолугуна, жашоо сапатына, суу жана башка жаратылыш ресурстарына жеткиликтүүлүккө, азык-түлүк жана энергетикалык коопсуздукка, аймактардын өнүгүшүнө жана адамдын экологиялык укуктарынын сакталышына түздөн-түз таасирин тийгизет. Ошондуктан биз климаттын өзгөрүшүн адамдардын чыныгы окуялары жана анын күнүмдүк жашоого тийгизген таасири аркылуу чагылдырган материалдарды колдоого кызыкдарбыз.

Биз Кыргызстан боюнча **ЖМК редакцияларынын журналисттерин, көз карандысыз медиадолбоорлордун өкүлдөрүн, санариптик контенттин авторлорун жана социалдык тармактар үчүн контент жаратуучуларды** катышууга чакырабыз.

Ошондой эле Борбордук Азия өлкөлөрүнүн журналисттери жана редакциялары менен кызматташтыкта даярдалган, аймактагы жалпы экологиялык жана климаттык чакырыктарга арналган **биргелешкен трансчек аралык материалдарды** да кубаттайбыз.

**Биз төмөнкү темаларга арналган материалдарды колдойбуз:**

- климаттын өзгөрүшү;
- климаттык адилеттүүлүк;
- айлана-чөйрөнү коргоо;
- туруктуу өнүгүү жана жашыл экономика;
- биологиялык ар түрдүүлүк жана экосистемаларды сактоо;
- атмосфералык абанын сапаты;

- экологиялык коопсуздук жана жаратылыш ресурстарын туруктуу башкаруу;
- кайра жаралуучу энергия жана энергиянын натыйжалуулугу;
- жаратылышка негизделген чечимдер (Nature-based Solutions);
- коомдун экологиялык сабаттуулугун жогорулатууга багытталган башка экологиялык темалар.

**Климаттын өзгөрүшүн климаттык адилеттүүлүк көз карашы аркылуу караган жана климаттык тобокелдиктер калктын ар кандай топторуна ар башка деңгээлде таасир этерин көрсөткөн материалдарга өзгөчө көңүл бурулат.** Биз климаттын өзгөрүшүнүн аялдарга, жаштарга, айылдык жамааттарга, майыптыгы бар адамдарга жана коомдун башка аялуу катмарларына тийгизген таасирин чагылдырган материалдарды кубаттайбыз. Алардын окуялары көп учурда коомдук талкуудан сыртта калып келет.

**Төмөнкү медиаматериал форматтарына колдоо көрсөтүлөт:**

- видеороликтер;
- макалалар;
- социалдык тармактар үчүн карточкалар;
- подкасттар;
- аналитикалык публикациялар;
- инфографика колдонулган дата-материалдар;
- маалыматты берүүнүн башка заманбап форматтары.

Биз эксперттер, мамлекеттик органдардын өкүлдөрү, илимий коомчулук, экологиялык уюмдар жана жарандык демилгелер менен маектешүүлөрдү өткөрүүнү, ачык маалыматтарды пайдаланууну, өз алдынча изилдөөлөрдү жүргүзүүнү, Кыргызстандын актуалдуу климаттык көйгөйлөрүн талдоону, мыкты эл аралык тажрыйбаларды изилдөөнү, ошондой эле **климаттык фактчекинг инструменттерин** колдонууну кубаттайбыз.

## Каржылык колдоо

Бир материал үчүн каржылык колдоонун өлчөмү **100дөн 200 еврого чейин** түзөт.

Гранттын көлөмү теманын татаалдыгын, материалдын форматын, аткарылуучу иштин көлөмүн жана күтүлүп жаткан коомдук таасирин эске алуу менен сынактык комиссия тарабынан аныкталат.

Маалыматтык кампаниянын натыйжалуулугун баалоо үчүн ар бир жарыяланган материал **12 000 просмотр топтошу керек**.

Көрүүлөрдү эсептөөдө бардык жарыяланган платформалардагы жалпы камтуу эске алынат, анын ичинде **Instagram, Facebook, YouTube, TikTok, ЖМКлардын сайттары жана башка санариптик платформалар**.

**Сынак кандай өткөрүлөт?**

- Ар бир тема боюнча өзүнчө өтүнмө берилет.
- Өтүнмөлөр ай сайын **1- жана 15-күндөрү** каралат.
- Өтүнмөлөрдү кароо мөөнөтү **3төн 7 жумуш күнүнө чейин** созулат.

**Изилдөөлөрдү жана аналитикалык материалдарды колдонуу**

Материалдарды даярдоодо катышуучулар **«MoveGreen» коомдук уюмунун ачык изилдөөлөрүн, аналитикалык материалдарын жана policy brief документтерин**, ошондой эле башка ишенимдүү илимий булактарды пайдалана алышат. Далилдүү маалыматтарды колдонуу сапаттуу, объективдүү жана фактыларга негизделген медиаконтентти даярдоого өбөлгө түзөт.

Ошондой эле катышуучулар **GNS (German News Service)** маалыматтык бюллетениндеги материалдарды пайдалана алышат. Алардын негизинде даярдалган материалдар ушул сынактын алкагында **GNS тарабынан көрсөтүлүүчү гранттык колдоо алуу үчүн кошумча кароого алынышы мүмкүн.** Колдоо бир гана каржылоо булагы аркылуу көрсөтүлөт.

**Өтүнмөлөрдү кароодо артыкчылык төмөнкүлөргө берилет:**

- Кыргызстандын аймактарынан келген авторлорго;
- кыргыз тилиндеги материалдарга;
- Борбордук Азия өлкөлөрүнүн журналисттери менен биргеликте даярдалган трансчек аралык материалдарга;
- аналитикалык материалдарга;
- илимий маалыматтарга жана климаттык фактчекинг принциптерине негизделген материалдарга;
- климаттык адилеттүүлүк принциптерин чагылдырган жана аймактык жамааттардын үнүн күчөткөн материалдарга.

Ошол эле учурда, жогоруда көрсөтүлгөн артыкчылыктуу критерийлердин бирине же бир нечесине жооп бербеген өтүнмөлөр да кабыл алынат жана сынактык комиссиянын чечими менен колдоого алынышы мүмкүн.

**«MoveGreen» коомдук уюмунун изилдөөлөрү, аналитикалык материалдары жана башка басылмалары менен төмөнкү расмий сайт аркылуу таанышууга болот:**

**https://movegreen.kg**

Бул материалдар медиаматериалдарды даярдоодо кошумча далилдүү база катары колдонулушу мүмкүн.

**Сынактын толук шарттары жана өтүнмө берүү формасы профилдеги шилтеме аркылуу жеткиликтүү.**

**Өтүнмөлөрдү кабыл алуу 2027-жылдын апрель айынын аягына чейин уланат.**

**Кошумча маалымат**

*Кошумча суроолор боюнча **«Жарандык коомдун жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын климатты коргоо боюнча мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү»** долбоорунун координатору **Гүлмира Эсенгелдиге** кайрылсаңыз болот: **gulmira.esengeldi@movegreen.kg***

*Сынак «Жарандык коомдун жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын климатты коргоо боюнча мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү» долбоорунун алкагында өткөрүлүүдө. Долбоор «MoveGreen» коомдук уюму тарабынан эл аралык Bread for the World («Дүйнө үчүн нан») уюмунун колдоосу менен ишке ашырылууда.*